**Шаршеева Камиля Каныбековнанын «Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдык маанилер менен байланышы»** аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына экинчи расмий оппонент, филология илимдеринин кандидаты, доцент Таалайбек Абдиевдин

# ПИКИРИ

**Шаршеева Камиля Каныбековнанын «Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдык маанилер менен байланышы»** аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын кыргыз тил илиминдеги жана түркологиядагы актуалдуу маселени иликтеген эмгек катары эсептеп, ишти квалиметриялык баалоо параметрлери аркылуу талдоого аракет жасалды.

## 1. Изилдөөнүн актуалдуулугу

Жалпы түркологияда, анын ичинде кыргыз тил илиминде чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук семантикалык категориясы, анын аспектуалдык маанилер менен байланышы жакшы изилдене элек. Диссертациялык иште азыркы кыргыз тилинин материалында кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук семантикалык категориясы, аларды уюштурууда колдонулган грамматикалык жана лексикалык каражаттар биринчи жолу функционалдык грамматиканын өңүтүнөн изилденген. Мында чактагы локалдашуучулук/локалдашпоочулук жагдайлары семантикалык компоненттердин оппозициясы катары түшүндүрүлөт: 1) убакыт огундагы жалпы жагдайдын жана кыймыл-аракеттин орун алышынын белгилүүлүгү жана конкреттүүлүгү, б.а., белгилүү бир учурга дал келиши; 2) убакыт огундагы жагдайдын жана кыймыл-аракеттин орун алышынын конкреттүү эместиги жана белгисиздиги. Мындан тышкары, бул категориянын аспектуалдык маанилер менен байланышы тилдик материалдардын негизинде ынанымдуу көрсөтүлгөн. Жогоруда айтылгандар диссертациялык иштин актуалдуулугун тастыктап турат.

Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Манас таануу жана лингвистика кафедрасынын илимий изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

## 2. Проблеманы изилдөөнүн абалы жана изилдөөнүн жаңылыгы

Кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук категориялары этиштин түр-чактык формалары менен байланыштуу болгондуктан, диссертациялык иште жалпы жана орус тил илиминдеги, түркологиядагы жана кыргыз тил илиминдеги түр категориясынын



И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 10-10027 «18» 03 2022 ж/г

изилдениш тарыхы каралган. Ошондой эле аспектуалдык маанилер жана алардын типтери иликтөөгө алынган.

Иштин илимий жаңылыгы катары кыргыз тилинин материалында биринчи жолу чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук категориясынын туюндуруу каражаттарынын аныкталгандыгын жана аспектуалдык маанилерге кеңири анализ жүргүзүлгөндүгүн айтууга болот.

Диссертациялык иште кыргыз тилинин материалдары жаңы теориялык өңүттөн, тактап айтканда, кыргыз тилинде эле эмес, жалпы түркологияда да анча өнүгө элек функционалдык грамматиканын жана аспектологиянын өңүтүнөн каралган.

## 3. Теориялык жана методологиялык жактан маанилүүлүгү

Диссертациялык иште сүйлөмдөрдөгү чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук семантикалык категориясы, анын берилиши жана аспектуалдык маанилер менен байланышы жалпы тил илиминдеги иштелип чыккан теорияларга таянуу менен кыргыз тилинин материалдарынын негизинде терең изилденген. Бул иш кыргыз тилиндеги аспектуалдуулуктун семантикалык структурасы жөнүндө илимий түшүнүктү, ошону менен катар, бүт бойдон морфологиянын изилдөө базасын кеңейтет. Алынган маалыматтар жана анын негизинде жасалган жыйынтыктар башка аспектуалдык-темпоралдык категориялардын маанилерин анализдөө үчүн колдонулушу мүмкүн.

Эмгекте лингвистикалык байкоо, анализ, синтез, интерпретация, сыпаттоо, байкоо, салыштыруу сыяктуу эмпириялык жана теориялык методдор чебер пайдаланылган. Жыйынтыктап айтканда, эмгек кийинки иликтөөлөргө теориялык жана методологиялык өрнөк болоруна толук ишеним бар.

## 4. Изилдөөнүн практикалык мааниси

Диссертациялык иштин материалдары жана негизги жоболору жогорку окуу жайларында кыргыз тилинин теориялык грамматикасы боюнча лекцияларды окууда, морфология жана синтаксис боюнча семинардык сабактарда, өзгөчө этиштин лексика-грамматикалык категорияларын окутууда, ошондой эле студенттер үчүн окуу-методикалык окуу куралдарын иштеп чыгууда пайдаланылат.

## 5. Изилдөөчүнүн проблемага байланыштуу изилдөөгө кошкон салымы

Изилдөөгө керектүү материалдарды жыйноо, аларды системалаштырып, тийиштүү эмпириялык-теориялык методдор менен иликтеп, жыйынтыктарды чыгаруу жеке авторго гана таандык. Изилдөөчүнүн проблеманы изилдөөгө кошкон салымы чоң.

6. **Эксперименттик жана иллюстрациялык материалдары**

Эмгекте иллюстрациялык материал катары кыргыз көркөм адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрү К.Баялиновдун «Көл боюнда», М.Элебаевдин «Узак жол», Т.Сыдыкбековдун «Табылга», К.Жантөшевдин «Каныбек», К.Маликовдун «Азаматтар», У.Абдукаимовдун «Майдан», Ч.Айтматовдун чыгармаларынын үч томдук жыйнагы, М.Байжиевдин чыгармаларынан алынган мисалдар пайдаланылган. Факты-материалдарды тандап алуу үчүн талдоого алынган жанрдык-стилистикалык тексттердин көп түрдүүлүгү изилденип жаткан тилдик фактыларды тексттин стилистикалык өзгөчөлүгүнөн мүмкүн болушунча көз каранды болбогондой объективдүү талдоо жүргүзүүгө умтулгандыгы менен шартталган. Жагдайлардын локалдашкан же локалдашпагандыгын көрсөтүүчү сүйлөм байкоо бирдиги болуп саналат.

7. **Жаңылык жана натыйжалардын ишенимдүүлүгү**

Диссертациялык иште кыргыз тилиндеги кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук семантикалык категориясынын уюшулушунда ар түрдүү деңгээлдеги тилдик каражаттар колдонула тургандыгы тилдик материалдардын негизинде ишенимдүү баяндалган жана ал каражаттардын функционалдык-семантикалык аспектиден изилдениши зарыл экендиги көрсөтүлгөн. Автордун оюу боюнча, мындай тилдик каражаттарга этиштин түр-чактык формалары, актионсарттык көрсөткүчтөр – кыймыл-аракеттин өтүш мүнөзү, аткарылуу ыкмасы жана темпоралдык лексикалык көрсөткүчтөр кирет. Мындан тышкары, чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук белгилери кыргыз тилиндеги этиштик сүйлөмдөргө мүнөздүү жана узакка созулгандык, кайталануучулук, адаттуулук, убакыттык жалпылык аспектуалдык маанилери, ошондой эле кырдаалдардын убакыттык чектерин көрсөтүүсү менен байланышат.

Илимий изилдөөнүн жыйынтыктарынын далилдүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн диссертациядагы факт-материалдардын арбындыгы, табылгалардын жаңылыгы, жоболордун ишенимдүүлүгү, сунуштардын негиздүүлүгү, ой-пикирлердин далилдүүлүгү курайт. Диссертант көп учурда илимпоздордун ойлоруна, байкоолоруна таянат, кайчылаш пикирлерге сын айтат.

8. **Автор алган натыйжалардын илимий-практикалык мааниси**

Диссертациялык иштин багыты түркология жана кыргыз тил илими үчүн жаңы жана перспективалуу. Иштеги теориялык жоболор түркология жана кыргыз тил илиминдеги чак жана аспектология багытындагы иликтөөлөргө илимий өбөгө түзсө, ал эми анын практикалык мааниси аталган тема боюнча жогорку окуу жайларында лекция окууда, окуу куралдарын даярдоодо, курстук, дипломдук, магистрлик, кандидаттык жана докторлук иштерди жазууга өбөлгө болору анык.

9. **Диссертациянын мазмунун жана тыянактарын баалоо**

Диссертациялык иште коргоого коюлган жоболор жаңы, ал эми чыгарылган тыянактар менен корутунду түркология жана кыргыз тил илими үчүн жаңы жана келечектүү. Диссертация жеке илимий-квалификациялык иш катары бааланат жана анда иштелип чыккан теориялык жоболордун курамы ири илимий жетишкендик болуп саналат. Диссертацияда жаңычыл мүнөзгө ээ маанилүү жыйынтыктар жана корутунду чыгарылган. Диссертациядагы ишенимдүү жоболор, жыйынтыктуу тыянактар жана концепциялык маанидеги корутунду 11 илимий макалада таасын чагылдырылган. Кыргыз жана орус тилдериндеги авторефераттар диссертациянын мазмунун кыска жана толук чагылдырат.

10. **Тилдин илимий, стилистикалык жана логикалык өзгөчөлүктөрү**

Диссертациялык иште академиялык этикетке таандык эрежелер жетекчиликке алынып, тилдик-стилистикалык маданияттын жогорку деңгээлинен кабар берип турат. Материалдарды анализдөө формалык-стилистикалык ык чебер пайдаланылат, илимий сыпаттоо ой жүгүртүүлөрдөн куралат жана иликтөөдөн чыгарылган жыйынтыктар ынанымдуу далилденет. Илимий тексттин ар бир компонентине ойдун толук аякташы, бүтүндүк жана байланыштуулук мүнөздүү. Эмгекте атайын функциялык-синтаксистик тилдик каражаттар илимий ойдун өнүгүшүнүн иретин, карама-каршылыгын, себеп-натыйжа мамилелерин, бир баскычтан экинчи баскычка өтүшүн көрсөтүүдө жана жыйынтыгын чыгарууда маанилүү милдет аткарат, ошондой эле атайын терминология, грамматикалык (морфологиялык. синтаксистик) өзгөчөлүктөр, түшүнүктүүлүк жана кыскалык сыяктуу касиеттер да толук сакталат.

**11. Сын-пикирлер жана сунуштар**

Диссертацияда жалпы мазмунга доо кетире албаган айрым бир орфографиялык, пунктуациялык жана стилистикалык каталар кездешет. Мындан тышкары, шилтемеде берилген орусча иллюстрациялык материалдардын кыргыз тилине которулуп берилиши максат ылайыктуу эмес деп ойлойбуз, анткени, кыргыз жана орус тилдери типологиялык жактан ар башка тилдер болуп эсептелет.

Диссертациянын структурасында да айрым кемчиликтер байкалат, атап айтканда, болгону төрт беттен турган (85-88-б.) «Изилдөөнүн материалдары жана методдору» деп аталган экинчи бап өзүнчө бап катары кароого арзыбайт деген ойдобуз.

**Шаршеева Камиля Каныбековнанын «Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдык маанилер менен байланышы»** аттуу кандидаттык диссертациясына карата түзүлгөн квалиметрикалык матрица

| № | Баалоо параметри | 10 | 9 | 8 | 7 | 6 | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Актуалдуулугу | + | | | | | 10 |
| 2. | Проблеманы изилдөөнүн абалы жана изилдөөнүн жаңылыгы | + | | | | | 10 |
| 3. | Теориялык жана методологиялык жактан маанилүүлүгү | + | | | | | 10 |
| 4. | Иштин практикалык мааниси | + | | | | | 10 |
| 5. | Изилдөөчүнүн проблемага байланыштуу изилдөөгө кошкон салымы | + | | | | | 10 |
| 6. | Эксперименттик жана көргөзмө материалдары | + | | | | | 10 |
| 7. | Жаңылык жана натыйжалардын ишенимдүүлүгү | + | | | | | 10 |
| 8. | Автор алган натыйжалардын илимий-практикалык мааниси | + | | | | | 10 |
| 9. | Диссертациянын мазмунун жана тыянактарын баалоо | + | | | | | 10 |
| 10. | Тилдин илимий, стилистикалык жана логикалык өзгөчөлүктөрү | + | | | | | 10 |
| | | | | | | | 100 |

**Изденүүчү Шаршеева Камиля Каныбековнанын «Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдык маанилер менен байланышы»** аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы - толук кандуу илимий эмгек жана ал Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуучуларга койгон талаптарына толук жооп берет, ал эми диссертант 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын алууга толук акылуу.

Экинчи расмий оппонент,
филология илимдеринин кандидаты,
Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин
түркология бөлүмүнүн доценти Т.Абдиев

17.03.2022